ЯЗЫКОЗНАНИЕ

УДК: 81.25:81.33(575.2)(04)
DOI: 10.35254/bhu/16948130_2021_55_99

Акалын Режеп,
К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети, аспирант

КЫРГЫЗ ЖАНА ТҮРК ТИЛИНДЕ ДЕНЕ-МҮЧӨ АТАЛЫШТАРЫНЫН ПОПУЛЯРДУУ ЖАСАЛЫШ ЫКМАЛАРЫ

Кыскача мазмуну

Бул илимий макалада кыргыз жана түрк тилдериндеги дене-мүчө аталыштарынын популярдуу жасалыш жолдору тууралуу сөз болот. Кыргыз жана түрк элинин тили окшош болгонуна байланыштуу сөз жасоодо бул эки окшош ыкмаларды колдонушкан. Илимий иликтөө кезегинде кыргыз тилинин да, түрк тилинин да дене-мүчө аталыштарынын жасалыш жолун сүрөттөө ар бир элдин өзүнө тиешелүү тилдик каражаттар менен ишке ашты. Кыргыз жана түрк тилдеринде дене-мүчө аталыштары күнүмдүк турмушта жыш кездешкендиктен анын актуалдуулугу артууда. Дал ушул себептен улам, эки тектеш тилдеги дене-мүчө аталыштарынын жасалыш жолдору, сөз жасоо баскычтары, коомдун аң-сезиминде кандай сыпатта колдонулганы бул макалада көрсөтүлөт. Кыргыз жана түрк тилдеринде дене-мүчө аталыштарынын жасалыш жолдору илимий иликтөөгө алынды.

Түйүндүү сөздөр: *сөз жасоо, морфологиялык ыкма, синтаксистик ыкма, кыргыз тили, түрк тили, соматизм, улуттук баалуулук, айырмачылык, окшоштук, универсалдуулук.*

ПОПУЛЯРНЫЕ МЕТОДЫ СОСТАВЛЕНИЯ ИМЕН ТЕЛ НА КЫРГЫЗСКОМ И ТУРЕЦКОМ ЯЗЫКАХ

Аннотация

В этой научной статье рассматриваются популярные способы словообразования имен частей тела на кыргызском и турецком языках. Из-за схожести языков кыргызского и турецкого народов они использовали эти два схожих способа речи. В свою очередь, описание формирования частей тела как кыргызского, так и турецкого языков проводилось с помощью языковых средств каждого народа. В кыргызском и турецком языках названия частей тел становятся все более актуальными в повседневной жизни. Именно по этой причине в данной статье описаны способы образования названий частей тела на двух родственных языках, этапы словообразования и их употребление в сознании общества. Изучены способы изготовления частей тела на кыргызском и турецком языках.

Ключевые слова: *словообразование, морфологический метод, синтаксический метод, кыргызский язык, турецкий язык, соматизм, национальные ценности, различия, сходство, универсальность.*

POPULAR METHODS OF MAKING BODY NAMES IN KYRGYZ AND TURKISH LANGUAGES

Abstract

This article discusses popular ways of making body parts in Kyrgyz and Turkish languages. Kyrgyz and Turkish peoples used these two similar methods of speech. The description of the formation of body parts of both languages was carried out with the help of language tools of each nation. Body names are becoming more relevant, for this reason, this article describes the ways in which the names of body parts in two related languages are formed, the stages of word formation, and how they are used in the consciousness of society. Ways of making body parts in relative languages were studied.

Keywords: *word formation, morphological method, syntactic method, Kyrgyz language, Turkish language, somatism, national values, differences, similarities, universality.*

Түрк тилдерин илимий жактан изилдөө иши XVIII кылымдын аягында XIX кылымдын башында башталып, алардын өз ара тектештиги XIX кылымда эле белгилүү болгон. Түркологиянын өзүнчө илимге айланышы орус окумуштуусу В. В. Радловдун сиңирген эмгеги менен байланыштуу. Түрк тилдерин илимий жактан изилдөө ишине, орус окумуштуулары, о. э. Батыштын окумуштуулары да катышкан. Бирок Батыш окумуштуулары айрым түрк тилдерин изилдөө менен чектелген. Орус окумуштуулары бардык түрк тилдерин (бардык түрк тилдери 30 га жакын) изилдөөгө киришет [9, 85-б.].

Адам өзүнүн тигил же бул дене-мүчөсүнүн катышы менен кандайдыр бир кыймыл-аракет жасайт. Дене-мүчө аталыштары жөн гана кайсы бир органды атап тим болбостон, алардын жардамы менен уюшулган тил каражаттары адамдын эмоциясын, макулдугун же каршылыгын, физикалык, психикалык абалын да чагылдырат. Мисалы: баш чайкады, баш ийди ж. б.

Тил жана тилдик каражаттар улуттун пикирин гана чагылдырбастан, улут басып өткөн жолду, тарыхын, географиясын, тажрыйбасын, каада-салтын түздөн түз көрсөтүп турат. Жалпы эле түрк элдеринин, анын ичинен кыргыз жана түрк улутунун дини, тили бири-бирине окшош болгондуктан, бул эки тилде сөз жасоо жолдорунда абдан окшоштук көп.

Түрк тилдеринин негизги сөздүк фондусу, грамматикалык түзүлүшү жана тыбыштык составы жагынан, сөзсүз жакындык бар. Мисалга айрым сөздөрдү алып көрөлү. «Сакал» деген сөз түрк тилдеринде төмөндөгүдөй вариантта колдонулат. Бул сөз якут тилинде гана «бытык» түрүндө колдонулат. Кыргызча, казакча, каракалпакча, кумыкча, ногойчо, татарча — сакал; өзбекче — сокол; түркмөнчө — сакгал; алтайча, хакасча — сагал; тувача — сал; чувашча — чухал; башкырча — һакал; шорчо — ээк сагал [9, 88-б.].

Тил бул улуттун менталитетин чагылдырган эң негизги каражат да болуп эсептелет. Улуттук баалуулуктарды атоо маселесинде кыргыздардын жана түрктөрдүн эң маанилүү дене-мүчө аталышын колдонуп жаңы сөз жараткандары таң калтырбайт. Аталган эки улутта тең «баш» ыйык жана улуу нерсе катары ассоциялаштырылат. Мисалы: Başasistan, başbakan, başçavuş, başdızgici başmürettip). başeski, başgardiyan, bas garson, başgedikli, başhekim (baştabıp). başhemşire, başimam, başkent (başşehir). başkoşe, başmurakıp, başovuncu, bagog. retmen, başpehlivan, başrol, başsavcı, başyazar (başmuharir). başyazı (başmakale) ж. б.

Түрк тилинде «баш» сөзү жана анын негизинде пайда болгон туундуларды карап көрөлү. Мисалы: Baş (I) 1. İnsan ve hayvanlarda beyin, beyin, gçz, kulaburun, ağız gibi organları kapsayan, vücudun üst veya önünde bulunan bölüm, kafa ser.2. Bir topluluğu yönten kimse 3. Başlangıç 4. Temel, esas. 5. Arazşden en yüksek nokta 6. Bir şeyin genellikle toparladıkça ucu 7. Bir şeyin uçlarından biri 8. Kasaplık hayvanlarda ve bazı yiyeceklerde tane 9. Para değiştirirken verşlen veya alınan üstelik, sarrafiye 10. Bir şeyin yakını veya çevresi [6, 234-б.].

Кыргыз тилинде БАШ 1. Адамдын, жалпы эле жаныбарлардын көз, мурун, ооз, кулак, мээ орношкон дене-мүчөсү. Эсен унчукпай гана башын ийкеди да, Жуманын арпынан баспы (Жантөшев). Таякчан, көпчүлүгү көз айнекчен, Кашка баш чекелери бир карышпап (Токомбаев). Ат башы менен эр башы Абалдан кайда калбаган (Бөкөнбаев). 2. Адамдын же айбандын өзү. Башпагыдай апаэнең Малга саппайп башыңды (Тоголок Молдо). Жаңжалдан жалын чыкпайбы, Жамандык башпы жуппайбы («Эр Табылды»), Санаса, баарысы опуз эки баш бодо (Бейшеналиев). || Белгилүү бир бирдик, бир бүтүн катарында алынган эсеп саны. Кош башына бир семиз Жылкыдан пандап сойгула («Эр Табылды»). 3. Бир нерсенин алгачкы чыккан жери, жогорку жагы, башталышы. Жыл башы январъ. Ишпин башы жакшы башпалды Мен суу башына барамын, Жогорпон кечүү чаламын («Эр Табылды»). Сай башынан кыйгач канал чыгарып, Так өзөндүн үспү менен жүргүзгөн (Маликов). Ууру! Жылганын башын көздөй чапкыла (Байтемиров). 4. Дан эгиндердин дан берүүчү бөлүгү. Кызыл буудайдын ар биринин башы кере карыш (Абдукаримов). || Кээ бир өсүмдүктөрдүн тоголоктонуп чыккан желе турган бөлүгү, түбү. Шамбеп, сенин Жеңишпайың ал күнү бир баш кызыл пияз- ды бүп жеди (Сыдыкбеков). Капуспанын ар бир башы чарадай (Осмонкул). Жалпы эле өсүмдүктөрдүн, бак-дарактардын эң жогорку жагы, учу. Кышпакпын эли кандайдыр бир сары гүлдүү чөппүн кургапылган башпарын укалап чайнекке салып демдешеп (Абдукаримов). Салкын жел көк шибердин башын ыргайп (Нуркамал). Эки жараканын башын опко салып коюп бир кемпир опурап (Бөкөнбаев). 5. Чоку, төбө, бир нерсенин жогорку, үстүнкү бөлүгү. Тоо башпарына караңыз, башыңыз айланбайп, — деди (Сыдыкбеков). Каныбек бийик асканын башында апасы Сансыздан үйрөнгөн ырын ырдап, опурап (Жантөшев). 6. Тескөөчү, башкаруучу, башчы. Айымкан менен Жээнпай спол башы болуп опурушап (Бөкөнбаев). Анда он үйгө бир он башы (Жантөшев). Элүү башы, жүз башы, Эл башпаган эрлериң, Бириң калбай баарың кел («Сейтек»). 7. Болуп жаткан иштин, окуянын ж. б. дал үстү, өзү, жаны. Башына келип көп малдын Башкарма көрүп макпансын (Маликов). Жинхуа үч кыз менен очок башында памак жасашып жүрөп (Жантөшев). 8. Мыкты, тандамал, башкалардан жогору, биринчи. Баш козу. Баш жылкы. // Ойдо жаппкан паш элең Орокчунун башы элең (Тоголок Молдо).

Тектеш эки улутта эң көп сөз жасоо жолу морфологиялык жол экени бизди таң калтырбайт. Себеби эки тилде дене-мүчө аталыштарына жалгануу менен жаңы сөздөрдүн жасалышында сөз жасоочу мүчөлөрдүн дагы кыргыз жана түрк тилдеринде өз ара окшоштуктары арбын. Кыргыз тилинде сөз жасоодо өнүмдүү мүчө болгон –чы мүчөсү: БАШЧЫ Белгилүү бир топту, ишти башкарып, жетекчилик кылуучу, башкаруучу. Башчысы Бакай дагы бар, Баатырлардын баары бар («Манас»). Салык жылкы фермасынын башчысы болуп иштөөчү (Каимов).

Аталган мүчө түрк тилинде дагы baş сөзүнө жалгануу менен жаңы түшүнүктү туюндурган сөз жасайт: BAŞÇI 1. İşçi başı. 2. Çiğ veya pişmiş koyun, kuzu, sığır başı satan kimse.

— ка мүчөсү кыргыз жана түрк тилдеринде баш сөзүнө жалгануу менен бирдей маанилерди туюндурган жаңы сөз жасайт:

БАШКА 1. Бөлөк, өзгө. Башка колхоздорго да киши

жибердик (Байтемиров). Жыйналыштын акыры башка күнгө калды (Убукеев). || Айырмасы бар, айырмалуу, өзгөчөлүгү бар. Жумуру баш адамдын Башка-башка өнөрү (Токтогул). 2. Бөтөнчө, өзгөчө, айрыкча, артык. Манастын уулу Семетей Адамдан башка жаралган («Манас»). Баатырдыгы башкача, Балбандыгы эң башка («Эр Төштүк»).

BAŞKA 1. Bilinenden ayrı, değişik, farklı, özge. 2. Nitelik yönünden alışılmışın dışında bir üstünlüğü olan. 3. Konu edilen, bilinenden ayrınesne ve kimse için teklik veya çokluk olarak başkası, başkaları biçiminde kullanılır. 4. «Ayrıca üstelik bir yana» anlamlarında — dan / — den başka biçiminde kullanılır. başka biri, diğer bir kimse.

Ошондой эле дагы бир сөз жасоонун популярдуу ыкмасы бул синтакситик жол. Себеби, кыргыз жана түрк тилдери түбү бир тектеш тилдер болгондуктан дене-мүчө аталыштары менен байланыштуу туруктуу сөз айкаштарында бир катар кызыктуу факты материалдар сакталып калгандыгы изилдөө мезгилинде белгилүү болду.

Кыргыз тилинде ат жабдыктар ээр токум //ат токулга //ээр токулга болуп аталат. Ат жабдууларынын ээр, жүгөн, куюшкан, үзөңгү ж.б. сыяктуу бөлүктөрү бар. Диал. жавы, жааз; Ысык. турман; Лейл., энжим; каз жабдык, ер турман; монг. тохум; өзб. жабдук; Биринчи татаал сөздүн экинчи бөлүгү жабды «зарыл бол гон нерселер менен камсыз кылуу, ар кандай тие шелүүлүгү бар курал-шаймандар, жасалгалар ж.б. менен толуктоо» этиштик негизден турат. Кийинки (–ык) морфемасы азыркы кыргыз тилинде аз өнүмдүү сөз жасоочу мүчө болуп эсептелинет. Жогорудагы сөздөрдү түрк элдеринин көпчүлүгүндө кезиктирүүгө болот. Мис.: өзбек тилиндеги — жабдук; от жабууга “сбруя” епмок “закрывать, покрывать” этиштик негизден пайда болгон (УРС, 1959, 76;). Экинчи синонимдеш колдонулган сөздүн — токум бөлүгү току < так (кадоо, илүү) этиштик негизден жана этиштен зат атоочторду жасоочу — ым мүчөсүнөн турат. Өтмө маанисинде таш токум “ат көтөрө алгыс оордук” маанисинде кездешет: Таш токум болуп арыган, өзү кашаң, карыган (фольк). Үчүнчү сөздүн — токулга бөлүгү жогорудагы токум бөлүгү менен тектеш сөздөрдөн. Ал эми аякы — ылга (//-га) мүчөсү этиштен зат атоочту жасоочу мүчө болуп эсептелет. Тыбыштык жоготууга учураган. Бул мүчө Б. Орозбаева боюнча: “-ылга” мүчөсү монгол тилиндеги: томого, кереге, кемеге, улага ж.б. сөздөр менен бирге кыргыз тилине кирген” — деп белгилейт (Орозбаева, 1964, 127) [10, 241-б.].

Кыргыз жана түрк тилдеринде дене-мүчө аталыштарынын ортосундагы синтаксистик окшоштуктар катары калыптанган сөз айкаштары тууралсында сөз кылууну туура көрдүк.

Кыргыз тилинде: БАШ АЙЛАНУУ 1. Көнүлү караңгылоо, өзүн начар сезүү, башы тегеренүү, алсырап кетүү. Башым айланып, бүпкөн боюм жанчылгандай, пырп эперге каруум жокпой сезилеп (Жантөшев). Ышкынаалы көчөгө жепкенде, башы айланып кепчүдөй сендирекпей барып покподу (Бейшеналиев). Туруп олпуруп сүйлөшсөм болоп эле башым айланып кепеп (Осмоналиев). 2. Кандайдыр бир ишти аткарууда, маселени чечүүдө ж.б. учурда көпкө чейин ойлонуп, эмне кыларын билбей ыргылжың болуу, өзүнчө бир чечимге келе албай башы маң болуу. Капыспан бул маселе алдына коюлуп, порго чалып алды да, Абылкасым буйдалып, башы айланып, бир попко бул пордон чыга албай пурду (Абдукаимов).

Түрк тилинде: BAŞI DÖNMEK 1. İnsana, eşyanın dönmesi, ayağının altından yerin çekilmesi gibi bir duygu gelmek. 2. Sıkıntı yaratan bir durum karşısında bunalmak. 3. Görkemli bir şey karşısında şaşırmak. 4. Para veya mevki sebebiyle şaşırıp şımarmak.

Сөз болуп жаткан кыргыз жана түрк тилдеринин ортосунда дене-мүчө аталыштары аркылуу жасалган туруктуу сөз айкаштарында бир катар айырмачылыктарды жолуктурууга болот. Мындай айырмачылыктар сөз айкаштары туюндурган маанилердин арасында түрдүү түшүнүктөрдү туюндуруп калгандыгы изилдөөнүн жыйынтыгында белгилүү болду.

Уңгу сөз жасоодо өзгөчө мааниси, белгилүү кызматы бар тилдик бирдик. Бул барыдан мурда уңгулардын сөз жасоодо негизги морфеманын бири катары кабыл алынышы жана сөздүн маанисин берүүдө аткарган кызматына карай көрүнөт. Сөз жасоо процессиндеги уңгунун негизги бирдик болуп саналышынын себеби уңгу сөздүн лексикалык мааниси жана сөздүн лексикалык маанисине ядро боло алат, анткени тилде бир лексикалык маани экинчи лексикалык маанинин негизинде жасалат. Уңгу сөздүн лексикалык маанисинин негизинде туунду сөздүн жаңы мааниси жасалат. Мисалы: баш+чы, баш+тык, баш+кар, баш+та ж.б. Бул сөздөрдүн баарынын маанисинде жакындык бар, себеби алардын баарынын жасалышына баш деген бир сөз негиз болду. Мында, ал ошол туунду сөздөрдүн маанисине өзөк болгондуктан, аларда маани жагынан окшоштуктары, жакындыгы бар, алардын маанилик байланышы көрүнүп турат.

Ошентип, уңгу сөздүн мааниси менен ал аркылуу жасалган туунду сөздүн мааниси өтө тыгыз байланыштуу жана ал капысынан болгон кубулуш эмес. Ал, асыресе, сөз жасоо уяларындагы сөз жасоо баскычтарында өтө айкын көрүнөт. Себеби, бир сөз жасоо уясынын сөз жасоо баскычтарында бир тубаса негизден тараган туунду сөздөр болгондуктан, уңгу сөз жасоо уясындагы сөз жасоо баскычтарын түзүп турган бардык сөздөрдүн курамында кайталанып отурат.

Дене-мүчө атоолорун сөз жасоо уясынын негизи катары алуудан мурда, алгач, алардын тил илиминде, анын ичинде кыргыз жана түрк тилдеринде изилдениш деңгээлин аныктап алган жакшы. Ушуга байланыштуу дене-мүчө атоолоруна байланыштуу маселелер кандай даражада жана кантип изилденигени туурасында айта турган болсок, биз көптөгөн илимий макала, изилдөө иштерине күбө болобуз.

Жалпы сөз жасоо баскычы бир сөздөн экинчи туунду сөздүн жасалуу чегин билдирерин айттык. Бирок бир баскычтагы негизден белгилүү сөз жасоо жолу менен жасалган туунду сөзгө байланыштуу. Туунду сөздөргө туунду уңгулар менен аналитикалык жол менен жасалган бардык сөздөр кирет. Алар: туунду негиз, бириккен сөз, кош сөз, татаал сөз, кыскарган сөз.

Ушулардын ичинен дене-мүчө атаоолорунун негизиндеги сөз жасоо уяларындагы баскычтардан кошумча жасалган туунду негиздер, синтаксистик жол менен жасалган бириккен сөздөр, кош сөздөр, татаал сөздөр жана лексика-семантикалык жол менен жасалган сөздөр

кездешет. Булардын колдунулушу чектелүү эмес. Алардын көпчүлүгү күндөлүк турмушта кездешкен карапайым сөздөр.

Кыргыз тилинде да, түрк тилинде сөз жасоонун морфологиялык жолу да, синтаксистик жолу да кеңири пайдаланылат. Сөз жасоо жолдору сөз жасоодогу негизги түшүнүктөрдөн болуп эсептелет. Биз жогоруда айтып өткөндөй кыргыз тилинде жана түрк тилинде сөз жасоонун морфологиялык жолу да, синтаксистик жолу да өнүмдүү болот. «Морфологиялык жол аркылуу жасалган сөз бирде туунду соз, бирде туунду негиз делинсе, мындай сөздүн кайсы сөз түркүмүнө жата тургандыгы эске аланып, туунду зат атооч, туунду этиш деп айтылат. Морфологиялык жол менен сөз жасоодо туундунун мааниси түзүүчү сөздүн лексикалык мааниси менен курандынын сөз жасоо маанисинин биригишинен келип чыкса, сөз жасоо мааниси, тескерисинче, туунду менен түзүүчү создөрдүн лексикалык маанилеринин айырмасынан келип чыгат» [2, 308-б.].

Дене-мүчө атоолорунун негизинде жасалган сөз жасоо уяларынын баскычтарындагы туунду негиздер кыргыз тилинде да түрк тилинде да курамы жагынан алганда, эки бөлүктөн башкача айтканда негиз жана сөз жасоо мүчөдөн турат. Мисалы: баш+ла=башта, тиш+ла=тиште ж.б.

Сөз жасоо уясындагы тизмектер бир баскычтуу гана эмес, бир нече баскычтуу болорун билебиз. Анын үстүнө тизмектердин баскычтагы тарамы болуп, ошол эле мезгилде анын ар бир мүчөсү тизмекке башка тарам кошуушу мүмкүн.

Ал эми түрк тилинде бул сөздөн жасалган мисалдарды келтирсек: başa baş, başağaç, başa baş, başağaç, baş ağırlık, baş ağrısı, başaktör, başaktris, başaltı, başa sistan, baş aşağı, başbakan, başbayi, başbuğ, başçavuş, başdanışman, başdekorcu. basdizgici, başdümenci, başdümeni başefendi, başeksper, başeser, başeski, basfiyat, başgardiyan, başgarson, basge — dikli, başhekim, başhemşire, başhostes, başıboş, başıbozuk, başimam, başkafiye, başkahraman, başkarakter, başkâtip, baş kent, başkesit, başkilise, başkişi, başko mutan, başkonakçı, başkonsolos, başköşe, başkumandan, başlâhana, başmabeyinci, başmakale, başmisafir, başmuallim, başmubassir, başmuharrir, başmurakıp. başmüdür, başmüfettiş, başmühendis, başmürettip, başmüsevvit, başnokta başoda, başoyuncu, başöğretmen, başörtü, baspapaz, başparmak, başpehlivan. baspiskopos, başrahip, başrejisör, başrol, başsavcı, başşehir, baştaban, baştabib. başuzman, başülke, basilstü, başvekâlet, başvekil, başvurdurma, başvurdurmak. başvurma, başvurmak, başvuru, başvu rulma, başvurulmak, başyapıt, başyar — dımcı, başyargıcı, baş yarma, başyaver, başyazar, başyazı, basyazman, başyemek, başyıldız, başöğretmen, basyukart. baş başa, baş belâs, başucu, başucu, başvurma, başteknisyen, başvurmak, başvurucu, Baştankaragiller, baştanımza, baştanımazlık, baş yastığı, başat karakter, başatlık yasası, başı açık. başı bağlı, başı devletli, başı dimdik, baş dönmesi, baş kaldın, baş örtüsü, baş sağlığı, baş tacı, baş tanımazlık, baş bezi, bas bıçağı, baş biti, baş çanağı, baş döndürücü ж.б.

«Baş» сөзү менен байланыштуу сандаган фразеологизмдердин да бар экени дароо байкалат. Мисалы: Baş belası, Başı belaya uğramak, Başı derde girmek, Başı için, Başına bela getirmek, Başına kalmak, Başına bela kesilmek, Başını kurtarmak, Başının çaresine hakmak, Başının derdine duşmek, Başın sağ olsun, Dunya başına, zindan kesilmek, Yalnız başına ж.б.

Жыйынтыктап айтканда, бул илимий макалада кыргыз жана түрк элинин эң популярдуу тил жасоо ыкмалары тууралуу сөз кылдык. Тектеш тилдерде тарыхый, диний жана тилдик жакындык болгондуктан, сөз жасоо ыкмаларында жалпылыктар өтө көп. Андай болсо да, ар бир элдин улуттук өзгөчөлүгү да жок эмес. Мындай окшоштук жана айырмачылыктар тилде жаңы сөз жасоо кезегинде чагылдырылган. Биз сөз жасоонун морфологиялык жана синтаксистик жол менен жасалган “баш” сөзүнүн варианттарын кеңири иликтедик. Эгерде сөз жасоонун дагы башка жолдорун изилдөөгө ала турган болсок, анда албетте берилген сандар алда канча жогору болмок. Бул эки тилдин ортосундагы окшоштук катары сыпатталууга тийиш.

Адабияттар

1. *Абдразакова Г. Ш. Когнитивдик лингвистика: концепт жана негизги түшүнүктөр / Г. Ш. Абдразакова.— Бишкек: [б. и.], 2015.— 96 б.*
2. *Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили. Морфология / И. Абдувалиев, Т. Садыков.— Бишкек: [б. и.], 1997.— 296 б.*
3. *Aksan D. Dil, Anlam, Sözcük. (Anlambilim ve Sözcükbilim Konuları) / D. Aksan.— Eskişehir: [б. и.], 1991.— 150 s.*
4. *Wilson J. Dil ve Anlam. Çeviren: Recep Songün / J. Wilson.— İzmir: [б. и.], 1988.— 168 s.*
5. *Дыйканов К. Кыргыз тилинин тарыхынан: Жогорку окуу жайлары үчүн / К. Дыйканов.— Ф.: Мектеп, 1980.— 156 б.*
6. *Duymaz E. Türkçede Anlam Bilgisi / E. Duymaz, A. Turan.-İstanbul: [б. и.], 2006.— 191 s.*
7. *Кубрякова Е.С.— Язык и знание: На пути получения знаний о языке (2004) / Е. С. Кубрякова.—М.: [б. и.],— 560 стр.*
8. *Мусаев К. М. Лексика тюркских языков в сравнительном освещении / К. М. Мусаев.—М.: Наука, 1975.*
9. *Сартбаев К. К. Тил илиминин маселелери / К. К. Сартбаев.— Фрунзе: [б. и.], 1987. 43 б.*
10. *Усмамбетов Б., Кыргыз тилиндеги материалдык маданиятка тиешелүү сөздөрдүн лексика-семантикалык тобу / Б. Усмамбетов // К. Карасаев атындагы БГУнун жарчысы.— 2011.— № 2 (19).— 241–243-бб..*